3.4. Жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына) таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.

3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул Жобо тарабынан комитеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча түшкөн кайрылууларды жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин тапшыруусу боюнча карап чыгат.

3.9. Комитеттин билгилигине кирген маселелер боюнча жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкуулайт.

3.10.Билим берүү процесси жүзөгө ашыруунун жана санитардык-гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун коопсуздук шарттарын уюштурууга катышат.

3.11. Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыңгайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

3.12. Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жааматтары менен бирге өз ара иш алпарат.

IV. Ата-энелер комитетгеринин укуктары. Ушул Жобо тарабынан белгиленген билгиликтерге ылайык ата-энелер комитети:

4.1. Жалпы билим берүүчү уюмдун жетекчисине жана башка да жалпы билим берүүнүн өзүн-өзү башкаруу органдары менен анын жетекчисине тийиштүү сунуштарды киргизип, аларды кароонун жыйынтыктары жөнүндө алардан талап кылууга;

4.2. Балдардын укугун коргоо маселелери боюнча билим берүү органдарына, билим берүү уюмдарына жана башкаларга түшүнүк алуу боюнча кайрылууга;

4.3. Окуучулардын билим алуусун жеңилдетүү жана анын сапатын жакшыртууну камсыз кылуу маселелери боюнча жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинен маалымат алып, анын ишин угууга, мектептик материалдык-техникалык жактан камсыз болуп, аны бекемдөө боюнча мектептин жетекчисин угуп, андан маалымат алууга;

4.4.Класстык ата-энелер комитеттеринин көрсөтүүлөрү (чечимдери) боюнча окуп жаткан окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн отурумдарына чакырууга;

4.5. Жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкулоо иштерине катышууга;

4.6.Үй-бүлөсүндө балдарын тарбиялоодон баш тарткан ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) коомдук жаза берүүгө;

4.7.Комитетте жигердүү иштеп, жалпы мектептик иш-чараларды өткөрүүдө көмөк көрсөткөн окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрдө) сыйлоого;

4.8. Өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн комитеттин мүчөлөрүнүн жетекчилиги астында туруктуу же убактылуу комиссияларды уюштурууга;

4.9. Ата-энелердин класстык комитеттери, коммтеттин туруктуу же убактылуу комиссиялары жөнүндө чектелүү актыларды иштеп чыгууну уюштуруу;

4.10.Комитеттин билгилигине тийиштүү маселелер боюнча педагогикалык кеңештин же башка өзүн-өзү башкаруу органдардын айрым отурумдарына комитеттин төрагасы катышууга;

4.11.Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) ортосунда балдарды үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиялоо окуучулардын кызыкчылыгын коргоо сыяктуу бирин-бири өз ара түщүнүү сыяктуу маселесин жөнгө салуу;

4.12.Күчүндө турган ченемдик-укук актыларына ылайык чечимдерди кабыл алууга;